1

2017 15 сентябрь
ТЮ 0022165
1992 02 10
15 сентября 2017
ТЮ 0022165

БЕКИТЕМИН
Уюштуруучу
Кыргыз Республикасынын Билим
берүү жана илим министрлиги
________________________
________________20___-ж.

# Профессор И.Бийбосунов атындагы Каракол педагогикалык колледжинин

# УСТАВЫ

КАРАКОЛ -2017

## Профессор И.Бийбосунов атындагы Каракол педагогикалык колледжинин
## Уставы

Жалпы жоболор

1.1. И.Бийбосунов атындагы Каракол педагогикалык колледжи 1930-жылы уюшулган. Колледждин алгачкы аталышы – Бубнов атындагы Пржевальск педагогикалык техникуму, кийин техникум М.Горький атындагы Пржевальск педагогикалык окуу жайы болуп аталган. 1975-жылы Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин 16.06.1975-жылдагы №334 Токтомуна ылайык республиканын билим берүүсүнүн жана маданиятынын өнүгүшүнө жигердүү салымы үчүн Пржевальск педагогикалык окуу жайы Кыргызстан комсомолунун 50 жылдыгы ардактуу наамын алат.

1.2. Педагогикалык колледждин толук аталышы:

- кыргыз тилинде: Профессор И.Бийбосунов атындагы Каракол педагогикалык колледжи.

-орус тилинде: Каракольский педагогический колледж имени профессора И.Бийбосунова.

Кыскартылган аталышы: И.Бийбосунов атындагы КПК.

Юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы Каракол шаары Гагарин көчөсү 15.

**1.2.Педагогикалык колледждин статусу.**

И.Бийбосунов атындагы Каракол педагогикалык колледжи өз ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктарын жана тескемелерин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтомдорун жана тескемелерин, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ченемдик жана укуктук актыларын жана окуу жайдын Уставын жетекчиликке алуу менен педагогикалык атайын орто билимдүү адистерди даярдоочу мамлекеттик билим берүү мекемеси болуп эсептелет. Юстиция органында катталгандан тартып юридикалык тарап болуп эсептелет.

Педагогикалык колледждин мөөрү, штампы жана өз аталышы менен эмблемасы, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банктык

жана башка кредиттик мекемелеринде улуттук жана чет элдик валютада төлөө жана башка эсептери бар.

Бул Устав профессор И.Бийбосунов атындагы Каракол педагогикалык колледжинин жалпы чогулушунун 2017-жылдын 28-майдагы №44 Токтому менен кабыл алынды.

**1.3. Уюштуруучу:**

И.Бийбосунов атындагы Каракол педагогикалык колледжинин уюштуруучусу Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги.

**1.4. Камкорчулук кеңеши жана Финансылык комитети.**

Коомдук-мамлекеттик башкаруу формалары жана финансылык ачыктык менен иш алып баруу максатында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралындагы №53 Токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүүнү уюштуруу жөнүндөгү» Жобосуна ылайык И.Бийбосунов атындагы КПКда Камкорчулук Кеңеши жана Финансылык комитети түзүлгөн.

Камкорчулук Кенеши жана Финансылык комитети Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен жобого ылайык ишмердүүлүгүн жүргүзөт.

**1.5.Уюштуруучу-укуктук формасы:**

Ведомствого караштуулук: Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги. Менчик формасы-мамлекеттик.

**1.6. Педагогикалык колледжин негизги милдеттери:**

- жарандын тандаган адистиги боюнча кесип алууга болгон талабын канаттандыруу жана интеллектуалдык, адептик, финансылык өнүгүүсүнө көмөктөшүү;
-башталгыч мектепти орто педагогикалык кесиптеги адистерге болгон талабын канааттандыруу;
-билим берүү системасындагы реформаларды эске алуу менен адистерди даярдоонун сапатын жогорулатуу.

-кесиби менен мекенчилдикти, бийик ыйманы менен маданиятын айкалыштырган, өз ишинин сапаты менен жыйынтыгына жооп берген жана татыктуу болгон жигердүү инсанды тарбиялоо;

## 2. И.Бийбосунов атындагы Каракол педагогикалык колледжине кабыл алуу жана окуу процессин уюштуруу.

### 2.1. Студенттерди кабыл алуунун жалпы жоболору.

**2.1.1.** Кыргыз Республикасынын жарандары педагогикалык колледжде күндүзгү жана сырттан окуу формасында бюджеттик жана контракттык негизде педагогикалык орто билим алууга укугу бар. Бюджеттик окууга кабыл алуу планы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан белгиленет. Педагогикалык колледжге Кыргыз Республикасынын жарандарын кабыл алуунун тартиби Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен кесиптик орто окуу жайларына кабыл алуу Эрежелери менен аныкталат.

### 2.2. И.Бийбосунов атындагы Каракол педагогикалык колледжине кабыл алуу жана окуу процессин уюштуруу.

Педагогикалык колледж билим берүү ишмердигин жүргүзүүгө укугу бар лицензияга ылайык билим берүү программаларын ишке ашырууга, күндүзгү жана сырттан окутуу формасында бюджеттик жана контракттык негизде даярдоону төмөнкү адистик боюнча жүргүзөт:

-050709 баштапгыч мектептин мугалими.

### 2.3. Окутуунун тилдери:

-кыргыз

- орус

### 2.4. Окутуунун мөөнөтү:

- Баштапгыч мектептин мугалими толук орто билимдин базасында – 1 жыл 10ай;

- Баштапгыч мектептин мугалими негизги орто билимдин базасында – 2жыл 10ай:

**2.5.** Окуудан чыгаруу, кайра кабыл алуу жана бир педагогикалык колледжден башка колледжге же жогорку окуу жайынан которуу Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен тартипке ылайык жүргүзүлөт.

**2.6. Окуу – өндүрүштүк практика:**

Студенттердин окуу-өндүрүштүк практикадан өтүүсү Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен Жобого ылайык жүргүзүлөт.

**2.7. Арадагы жана жыйынтыктоочу аттестацияны баалоонун системасы жана аны өткөрүүнүн тартиби.**

Арадагы жана жыйынтыктоочу аттестация Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен Жобого ылайык өткөрүлөт.

**2.8. Окуп жаткандардын окуу режими.**

**2.8.1.** И.Бийбосунов атындагы КПКда окуу жылы 1-сентябрда башталат жана адистиги жана курсу боюнча окуу планына ылайык аяктайт.

**2.8.2.** Бардык түрдөгү аудиториялык сабактар үчүн академиялык саат 45 мүнөт берилет.

**2.8.3.** Сабактар окуу группалары менен өтүлөт. И.Бийбосунов атындагы КПКда сабак өтүүнүн формалары жогорку натыйжаны жана сапатты камсыздоого негизделип аныкталат.

**2.8.4.** Окуу группаларында студенттердин саны 25-30 адамдан турат.

**2.8.5.** Жалпы кесиптик тармактар боюнча практикалык сабактарды өтүү үчүн группа эки топко бөлүнөт.

**2.9. Акы төлөп билим берүү кызматтары жана аларды көрсөтүүнүн тартиби (келишимдик негизде).**

**2.9.1.** И.Бийбосунов атындагы КПК акы төлөп билим берүү кызматын көрсөтөт: билим берүү программаларына ылайык контракттык күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүндө окутуу, ошондой эле

кошумча программалар боюнча атайын курстарды жана тармактар циклын, предметтерди терецдетип окутуу ж.б.

**2.9.1.** Кыргыз Республикасынын «Билим берүү Мыйзамына ылайык экинчи адистик боюнча кесип алуу».

**2.9.2.** Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» Мыйзамына ылайык биринчи алган адистигиндеги дипломдогу сааттарынын санына, окулган дициплиналарына жараша экинчи адистик боюнча кесип алуу келишимдин негизинде гана жүргүзүлөт.

**2.9.3.** Колледж акы төлөп билим берүү тартибин колледждин Кеңеши менен макулдануу боюнча аныктайт.

**2.10. Педагогикалык колледж менен билим алуучулардын, алардын ата-энелеринин же мыйзамдуу өкүлдөрүнүн ортосунда байланыш түзүүнүн, регламенттөөнүн тартиби.**

**2.10.1.** Окуучулардын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын алкагында билим алууга болгон укуктарын сактоо:

**2.10.2.** Ата-энелер же алардын мыйзамдуу окулдору милдеттүү:

- Балдарга окуу жана жашоо үчүн шарттарды түзүү:
- Балдарды билим берүү мекемелеринде атайын орто билим алууга берүү жана ага кепилдик кылуу;
- Студенттердин укуктары жөнүндө Конвенциянын принциптерин сактоо;
- Педагогикалык колледждер менен байланыш түзүү;

**2.11. Педагогикалык колледждердин тарбиялык милдеттери багытталууга тийиш:**

- Улуттук маданиятты өнүктүрүү жана сактоо:
- Мыйзамды, жарандын укуктарын жана эркиндигин сыйлаган бийик ыймандуу, демократиялык, социалдык мамлекеттин мекенчил жаштарын тарбиялоо;
- Жалпы аламзаттык баалуулуктарды таанууга негизделген адамгерчилик, ак ниеттик, боорукердик, кайрымдуулук сапаттарды жаштарда калыптандыруу;

**2.12.** Окутууну жыйынтыктоо формалары жана берилүүчү документтер.

**2.12.1.** Мамлекеттик аттестацияны ийгиликтүү тапшырган педагогикалык колледждин студентине атайын орто билимдүү адистин кесиби ыйгарылат жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин мамлекеттик үлгүдөгү дипломy берилет.

**2.12.2.** Артыкчылык диплому педагогикалык колледждин мамлекеттик аттестациядан «эң жакшы» деген бааларды алган жана 75% кем эмес эң жакшы бааларга ээ болгон (канааттандырарлык баалары жок болгон) бүтүрүүчүлөргө берилет.

**2.12.3.** Педагогикалык колледж тарабынан берилген дипломдорго Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын өкүлүнүн , педагогикалык колледждин директорунун колу коюлуп, мөөрү менен бекитилет.

## 3. Педагогикалык колледждин студенттеринин, окутуучуларынын жана башка кызматкерлеринин укуктары жана милдеттери.

**3.1.** Педагогикалык колледждин студентинин статусу.

Кирүү сынноолорунун жыйынтыгы боюнча педагогикалык колледждин директорунун буйругу менен окууга кабыл алынгандар студент болуп эсептелет. Студентке кабыл алынган үлгүдөгү студенттик билет жана зачеттук китепче берилет.

3.2. Студенттердин укуктары жана милдеттери:

3.2.1. Студент укуктуу:

-адистин квалификациялык талаптарына жооп берген билимди алууга;

-окуу процессин өнүктүрүү, практикалык билим берүүнү уюштуруу, жетишүү, эмгек жана окуу дисциплиналары ж.б.студенттин окуусуна жана жашоосуна байланыштуу маселелерди талкуулоого жана чечүүгө катышууга;

-педагогикалык колледждин жамаатынын коомдук турмушуна, коомдук иш чараларга, спорттук секциялардын иштерине, өздүк көркөм чыгармачылык ийримдерине ж.б. катышууга

- Кыргыз Республикасынын белгиленген мыйзамдарына ылайык куралдуу күчтөргө кызмат кылууга чакырууну кийинкиге калтырууга;

-педагогикалык колледждин студенттик органдарына шайланууга жана шайлоого;

-окуу аудиторияларын окутуунун лабораториялык, техникалык каражаттарын, китепкананы, маалыматтык фондлорду, жатакананы, спорттук аянтчаларды пайдаланууга;
-өзүнүн адамдык намысын коргоого, администрациянын чечимдерин билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органдарына жана башка тийиштүү жерлерге даттанууга;
-бюджеттик бөлүмдүн күндүзгү формасында окуган студенттер белгиленген тартипте жана өлчөмдөгү мамлекеттик стипендия алууга;

3.2.2. Студенттер миддеттүү:
-педагогикалык колледждин билим берүү программаларынын талабын аткарууга;
-адистиги боюнча мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына жооп берген теориялык билимге жана практикалык көндүмгө ээ болууга;
-педагогикалык колледждин Уставын аткарууга;
-педагогикалык колледждин ички тартип эрежелерин сактоого;
-педагогикалык колледждин администрациясынын чечимдерин аткарууга;
-педагогикалык колледждин мүлкторүнө аяр мамиле кылууга;
-сабактын бардык түрлөрүнө катышууга;

3.3. Педагогикалык кызматкерлердин укуктарынын статусу жана юридикалык аныкталышы (бекемделиши).

Педагогикалык колледждин кызматкерлери болуп окутуучулар, административдик-башкаруучу, окуу жана тейлоочү персоналы эсептелет. Штаттык расписание финансылоонун бөлүнгөн көлөмүнүн чегинде Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин макулдугу боюнча педагогикалык колледждин директору тарабынан бекитилет.

3.4. Педагогикалык колледждин кызматкерлеринин укуктары жана милдеттери.

3.4.1. Педагогикалык колледждин кызматкерлери укуктуу:

- окуу пландарынын жана программаларынын алкагында өзүнүн профессионалдык ишмердигинде материалдык-техникалык жактан камсыз болууга;
- педагогикалык колледждин башкаруу органдары жана коомдук уюмдары аркылуу педагогикалык колледждин ишиндеги маанилүү маселелерди талкуулоого жана чечүүгө катышууга;
- өзүнүн кесиптик намысын, абийирин коргоого;
- педагогикалык колледждин маалыматтык фондунан, окуу илимий, социалдык-турмуштук кызматтарынан пайдаланууга;
- педагогикалык колледждин башкаруу органдарын шайлоого жана шайланууга;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамында белгиленген тартипте педагогикалык колледждин администрациясынын буйруктарына жана өкүмдөрүнө даттанууга;

3.4.2. Педагогикалык колледждин кызматкерлери милдеттүү:
- педагогикалык колледждин Уставынын талаптарын аткарууга;
- педагогикалык колледждин ички тартип эрежелерин сактоого;
- педагогикалык жана илимий процесстин сапатын жана жогорку натыйжасын камсыз кылууга;
- студенттерди илимий изилдөөгө тартууга, илим-изилдөө иштеринин жыйынтыктарын окуу процессине киргизүүгө;
- студенттерди жогорку ыйман-адептик сапаттарга тарбиялоого, өз алдынча демилгелүү жана чыгармачыл жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө;

## 4. Окутуучулардын кесиптик даярдыгы жана квалификациясын жогорулатуу.

Кесиптик даярдык жана квалификацияны жогорулатуу-мамлекеттик жана мамлекеттик эмес билим берүү мекемелери аркылуу окутуучулардын үзгүлтүксүз билим алуусунун курамдык бөлүгү.

## 4.1. Кесиптик даярдыктын жана квалификацияны жогорулатуунун түрлөрү жана формалары.

Кесиптик даярдык жана квалификацияны жогорулатуу ар түрдүү окутуу формасында (лекция угуу, семинарларга, конференцияларга катышуу ж.б) жалпы билимди жогорулатуу, кыска мөөнөттөгү цикл түрүндө жүргүзүлөт.

**4.2. Өтүү мезгили.**

Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу 5 жылда бир өткөрүлөт.

**4.3. Кесиптик даярдык жана квалификацияны жогорулатууда администрациянын жоопкерчилиги.**

Педагогикалык колледждин администрациясы окутуучуларды, башка кызматкерлердин кесиптик даярдыгына жана квалификациясын жогорулатуусуна жооп берет. Адистердин кесибин жана квалификациясын жогорулатуу бюджеттик каржылоодон бюджеттик каржылоодон тышкары кызыктар тараптын же педагогикалык колледждин эсебинен жүргүзүлөт.

**5. Педагогикалык колледжди башкаруу.**

**5.1. Уюштуруучунун компетенциясы.**

**5.1.1.** Каракол педагогикалык колледжинин уюштуруучусу болуп Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги эсептелет.

**5.1.2.** Уюштуруучунун компетенциясы.

- педагогикалык колледждин негизги ишмердүүлүгүн аныктоо:
- педагогикалык колледждин Уставына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө;
- педагогикалык колледждин директорун бекитүү жана бошотуу;
- педагогикалык колледжди жоюу, кайра түзүүгө байланыштуу маселелерди кароо:
- педагогикалык колледждин структурасын бекитүү;
- *окуу-илимий, эсеп-чарбалык ж.б. ишмердүүлүктөрүн жөнгө* салуучу жоболорду өзгөртүү боюнча сунуштарды киргизүү жана макулдашуу;
- педагогикалык колледждин ишмердүүлүгүнө тиешелүү башка маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу;

**5.2. Педагогикалык колледжди башкаруунун принциптери.**

**5.1.** Колледжди башкаруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Уставга ылайык жүргүзүлөт.

5.2.Колледжди башкаруунун жогорку органы болуп Уюштуруучу эсептелет жана төмөнкү компетенциялары бар:

- Педагогикалык колледждин Уставына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө;
- Педагогикалык колледждин негизги ишмердүүлүгүн аныктоо;
- Директорду дайындоо жана бошотуу.
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө колледжди кайра уюштуруу жана жоюуга сунуш киргизет, жоюу комиссиясын дайындайт, жоюу балансын бекитет.

5.3. Колледждин башкаруу органы болуп директордун алдындагы колледждин кеңеши эсептелет, анын персоналдык курамы ар бир окуу жылына профсоюз уюму менен макулдашуу боюнча директор тарабынан аныкталат.

5.4. Колледждин ишмердүүлүгүнө жетекчиликти окуу жайынын профилине ылайык жогорку билими, педагогикалык жана уюштуруу иштеринде тажрыйбага ээ болгон Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министринин Буйругу менен бекитилген директор жүргүзөт. Директор колледждин кеңешинин төрагасы болуп эсептелет жана мезгили менен (беш жылда бир жолу) отчет берет. Директор колледждин атынан барлык уюмдар менен иш алып барат, анын мүлктөрүн жана каражаттарын иштетет, келишимдерди түзөт, ишеним каттарды берет, банктарда эсеп ачат, кредиттер менен иштейт, өзүнүн компетенциясынын чегинде буйруктарды жана тескемелерди чыгарат. Директор Мыйзамга ылайык окуу-тарбия иштери , практикалык окутуу, эсептик-чарбалык ишмердүүлүк боюнча кызматтарды, бөлүм башчыларды, окутуучуларды жана башка кызматкерлерди . Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин макулдашуусу менен башкы эсепчини дайындайт жана бошотот. Профсоюз уюму менен бирдикте колледждин бардык кызматкерлеринин кызматтык милдеттерин аныктайт.

Педагогикалык Кеңештин ишмердүүлүгү колледждин кеңешинде каралгандан кийин педагогикалык кеңеш жөнүндө Жобо менен аныкталат , директор тарабынан бекитилген Камкорчулук Кеңешинин

милдеттери жана максаттарынын иш тартиби Камкорчулук Кеңеши жөнүндө Жобо менен аныкталат.

## 6. Педагогикалык колледжлин Эл аралык ишмердүүлүгү.

6.1. Педагогикалык колледждин эл аралык кызматташтыктагы укуктары.

Педагогикалык колледж Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык кесиптик орто билим берүү, окутуучулук ишмердүүлүк жаатында эл аралык кызматташтык иштерин жүзөгө ашырууга милдеттүү.

6.2. Педагогикалык колледже чет мамлекеттердин жарандарын окутуу жана даярдоо.

Чет мамлекеттердин жарандарын окутуу жана даярдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен түзүлгөн мамлекеттер аралык макулдашуулар, ошондой эле билим берүү уюмдары же айрым жарандар менен түзүлгөн келишимдер боюнча жүзөгө ашырылат.

6.3. Башка мамлекеттердин жарандарын окутуунун шарттары жана кабыл алуу эрежелери.

Башка мамлекеттердин жарандары педагогикалык колледжге сынактык негизде кабыл алынат жана педагогикалык колледждин Уставына ылайык бардык укуктары жана милдеттерди пайдаланат.

6.4. Эл аралык билим берүүчүлүк программаларына катышуу (гранттарды алуу).

И.Бийбосунов атындагы Каракол педагогикалык колледжи ар түрдүү эл аралык билим берүүчүлүк программаларына катышууга, алар боюнча гранттарды алуу укугуна ээ.

## 7. Педагогикалык колледждин финансылык-чарбалык ишмердиги.

Педагогикалык колледждин финансылык-чарбалык ишмердиги Кыргыз Республикасынын бекитилген мыйзам ченемдеринин негизинде ишке ашырылат.

7.1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан педагогикалык колледжинин менчигине бекитилип берилген объектилерин пайдалануу.

7.1.1. Педагогикалык колледждин мүлкүн негизги жана жүгүртүүдөгү кражаттар, финансылык ресурстар жана башка окуу жайдын балансында көрсөтүлгөн наркдагы материалдык баалуулуктар түзөт.
7.1.2. Педагогикалык колледждин мүлкү билим берүүнүн милдеттерине каршы келген максаттарда колдонулбайт.
7.1.3. Педагогикалык колледжине анын билим берүүчүлүк ишмердигин камсыз кылуу максатында ыкчам башкаруу укугу менен Объектилери менчик укуктуулук негизинде бекитилет.(жер, имараттар, курулуштар, жабдуулар жана башка зарыл керектөөчүлүк, социалдык-маданий жана башка багыттагы мүлктөр).
7.1.4. Педагогикалык колледждин мүлкүн ыкчам башкарууну ишке ашырууда милдеттүү:
-мүлктү эффективдүү пайдалануу,
-эксплуатация эрежелерин жана нормаларын сактоо;
-мүлктү пайдаланууну жана аны сактоону камсыз кылуу милдеттүү түрдө максатка ылайык камсыз кылуу;
-мүлктүн техникалык абалынын начарлашына жол бербөө: утурумдук жана капиталдык оңдоп түзөө иштерин ишке ашыруу;
-мүлктүн керектен чыккан бөлүктөрүнө амортизациялык бөлүүлөр.
7.1.5. Педагогикалык колледждин жеке каражаттар эсебинен алынган материалдык жана башка баалуулуктар педагогикалык колледждин менчиги болуп эсептелет.
7.1.6. Педагогикалык колледжге бекитилген мүлктөрдү максаттуу пайдалануу жана бүтүндүгүнө көзөмөл кылуу мыйзамдуулуктун чегинде ишке ашырылат.

Педагогикалык колледжге бекитилген мүлктөр өз ишмердигинин максаттарында колдонулат.
7.1.7. Педагогикалык колледждин менчиги болуп жеке жана юридикалык жактар тарабынан белек түрүндө берилген, мураска калтырылган же жардам иретинде берилген интелектуалдык жана чыгармачылык эмгектин жыйынтыктары ошондой эле педагогикалык колледждин жеке ишмердигинин негизинде алынган кирешелер эсептелет.

7.2. Педагогикалык колледждин ишмердүүлүгүн финансылоо, материаллык-техникалык камсыздоо.

7.2.1. Финансылоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бекитилген нормалардын негизинде ишке ашырылат.
7.2.2. Педагогикалык колледжди камсыздоого кеткен каражаттардын өлчөмү окуу жайынын профилдик ишмердигине туура келген иштердин материалдык чыгымдарын жабууга, эмгек акы төлөө үчүн каражаттарга керектүү материалдык-техникалык база түзүүгө, студенттерге социалдык колдоо, жамааттын мүчөлөрүнө Кыргыз Республикасынын мыйзамдуулук чегинде материалдык стимулдаштыруу.
7.2.3. Педагогикалык колледждин кызматкерлеринин бардык категорияларын эмгек акынын жана материалдык колдоонун өлчөмдөрү окуу жайынын өз каражатынын эсебинен белгиленет. Кызматкерлердин тарифтик ставкалар жана окладдар алардын ишмердигинин татаалдыгына, жеке салымына карата белгиленет. Педагогикалык кадрлардын ишинин эффективдүүлүгүнүн баасы катары студенттердин билими, көндүмдөрүнүн деңгээли эсептелет.
7.2.4. Педагогикалык колледж Кыргыз Республикасынын мыйзамдуулугунун негизинде кошумча акы төлөөчү кызматтарды жүргүзүүдөн, Уставда көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөрдөн, физикалык жана юридикалык жактардан ыктыярдуу көрсөтүлгөн жардамдардан, юридикалык жактардан түшкөн каражаттарды иштетет.

### 7.3. Педагогикалык колледждин менчик түзүү булактары жана тартиби.

..3.1. Республикалык жана жергиликтүү бюджеттин каражаттары.
Педагогикалык колледждин мүлкү төмөнкүлөрдөн түзүлөт:
- Педагогикалык колледждин бюджети аркылуу, анын ичинде өзүнүн чарбачылык ишмердигинен алынган каражаттарга алынган мүлктөр.
- Жергиликтүү финансылык башкармалыктан берилген каражаттар, бюджеттик ассигнованиелер.
- Бюджеттен сырткары каражаттар;
- Келишимдик түрдөгү акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүүдөн түшкөн кирешелер;
- Амортизациялык бөлүштүрүүлөр;

- Кредиттер, гранттар, инвестициялар жана башка каражаттар.
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдуулугуна каршы келбеген негизде табылган мүлктөр.

7.3.2. КПКга келип түшкөн бардык каражаттар окуу жайдын кирешелери болуп саналат жана алар материалдык, техникалык, окуу методикалык базаны чыңдоого, илимий изилдөө иштерине , окуу процессин жүргүзүүгө сарпталат.

7.4. Ишмердикти жүргүзүү тартиби.

И.Бийбосунов атындагы Каракол педагогикалык колледжи Кыргыз Республикасынын мыйзамдуулугунун жана КПКнын Уставынын чегинде өз ишмердигин жүргүзөт.

7.4.1. Педагогикалык колледж физикалык жана юридикалык жактарга акы төлөнүүчү кошумча билим берүү кызматын (кошумча билим берүү программалары, атайын курстар, тереңдетип билим берүү ж.б.) көрсөтөт. Бул кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн кирешелер педагогикалык колледждин муктаждыктарына , айлык акынын өлчөмүн көтөрүүгө инвестицияланат.

Педагогикалык колледж өз мүмкүнчүлүгүнүн чегинде өз алдынча эмгек акы төлөөнүн формасын жана системасын аныктап, стимулдаштыруу мүнөзүндөгү төлөмдөрдү, кызматтык окладдардын өлчөмүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдары бекиткен төмөн эмес өлчөмдө аныктайт.

7.4.2. Экономикалык ишмердиктен алынган бюджеттен тышкары жана валюталык каражаттар педагогикалык колледждин карамагында калтырылат жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдуулугунун негизинде пайдаланылат.

8.Педагогикалык колледждеги эсеп жүргүзүү, отчеттуулук жана көзөмөлдүк.

8.1. *Эсеп жүргүзүү, отчеттуулук жана көзөмөлдүк кылуу боюнча нормативдик документтерди аткаруу.* Педагогикалык колледж Кыргыз Республикасынын мыйзамдуулугуна жараша өзүнүн ишмердигин, эсеп-кысап ишмердигин жүргүзүп, статистикалык отчеттуулукту жүргүзөт.

**8.2. Бухгалтердик эсеп жүргүзүү, статистикалык отчеттуулуктун формалары.**

Бухгалтердик эсеп жүргүзүү статистикалык отчеттуулуктун формалары жана ирети Кыргыз Республикасынын каржы министрлиги тарабынан белгиленет.

**8.3. Финансылык тартипти көзөмөлдөө.**

Педагогикалык колледждин финансылык-чарбалык ишмердигин текшерүү жана көзөмөлдүк кылууну Кыргыз Респуликасынын билим берүү жана илим министрлиги жана башка мамлекеттик органдар өз компетенциясына ылайык Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдуулугунун чегинде жүргүзөт.

8.4. Аскерге милдеттүүлөрдү эсепке алуу Кыргыз Республикасынын ушул маселе боюнча аракеттеги мыйзамдарына жараша жүргүзөт.

**9. Педагогикалык колледжинин Уставын каттоо тартиби.**

9.1. Педагогикалык колледждин Уставы жамааттын жалпы чогулушунда кабыл алынат жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан катталат.

9.2. Педагогикалык колледждин Уставы Кыргыз Респуликасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилет.

9.3. Педагогикалык колледждин Уставын юридикалык жактан каттоо Ысык-Көл областтык Юстиция башкармалыгы тарабынан ишке ашырылат.

**10. Педагогикалык колледждин ишмердигин жоюу, кайра түзүү жана ишмердигин токтотуу тартиби.**

Педагогикалык колледждин ишмердигин токтотуу, жоюу, кайра түзүү жана ишмердигин токтотуу түрүндө ишке ашырылат.

10.1. Педагогикалык колледжди жоюунун принциптери жана тартиби.

10.1.1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин педагогикалык колледжди жоюу боюнча чечиминин негизинде же башка ыйгарым укуктуу өкүлчүлүк тарабынан

педагогикалык колледжди жоюунун тартиби жана мөөнөттөрүн бекитүүчү жоюу комиссиясы түзүлөт.

10.1.2. Педагогикалык колледждин ишмердигин жоюу төмөнкүдөй тартипте ишке ашырылат.

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин чечиминин негизинде:
- Сот органдарынын чечиминин негизинде;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде каралган башка негиздер боюнча:

10.1.3. Педагогикалык колледжди жоюу боюнча комиссиянын дайындалышы менен педагогикалык колледждин органдарынын бардык актылары анын мүлктөрүнөн ажыратууга багытталат же карыздарын жоюуга жоюу комиссиянын макулдугу менен гана ишке ашырылат.

10.1.4. Жоюу комиссиясы активдерди баалайт, кредиттерди аныктоо үчүн бардык чараларды көрөт, ошону менен бирге кредиторлорго төлөө тартиби, мөөнөтү жөнүндө кат аркылуу билдирет.

10.1.5. Кредиторлордун талаптарынын мөөнөтү аяктагандан кийин жоюу комиссиясы отккөл балансын түзөт жана ал Билим берүү жана илим министрлигине, же жоюу тууралуу чечим чыгарган юридикалык жакка бекитүүгө жиберилет.

10.1.6. Жоюудагы педагогикалык колледждин кредиторлорго акчалай карызын төлөп берүү Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдуулугунун негизинде бекитилген тартиптеги кезек боюнча ишке ашырылат.

10.1.7. Кредиторлор менен эсептешүүнүн аяктагандан кийин жоюу комиссиясы жоюу балансын түзөт. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине бекитүүгө жөнөтөт. Педагогикалык колледждин жоюлган мүлктөрү мамлекеттин менчигинде калат жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин чечимине ылайык максаттуу колдонуусуна багытталат.

10.1.8. Педагогикалык колледжди жоюуда бардык иш кагаздары, илимий-тарыхый маанилеги иш кагаздары, сактоо үчүн мамлекеттик архивдик фонддорго, жеке курам боюнча иш кагаздар (буйруктар, өздүк иштер, эсептик карточкалар, жеке эсеп счеттору ж.б.)

педагогикалык колледж жайгашкан аймактагы архивдик фондго сактоого өткөрүлүп берилет.

Иш кагаздарын иретке келтирүү жана өткөрүп берүү педагогикалык колледждин каражатынын эсебинен ишке ашырылат. Өткөрүп берүү Кыргыз Республикасынын «Улуттук архивдик фонду» жөнүндөгү законунун жана архивдик органдардын талаптарына ылайык ишке ашырылат.

10.1.9. Педагогикалык колледж юридикалык жактардын бирдиктүү мамлекттик реестрине ишмердигин токтотуу жөнүндө каттоого түшкөн учурдан тартып жоюлду деп эсептелет.

**10.2. Педагогикалык колледжди кайра уюштуруунун принциптери жана ирети.**

10.2.1. Педагогикалык колледжди кайра уюштурууда бардык иш кагаздар (башкаруу, финансылык-чарбалык, жеке курам боюнча ж.б.) бекитилген эрежелерге ылайык мекеме мураскорго өткөрүп берилет.

**10.2.2.** Педагогикалык колледждин ишмердигин кайра уюштурууда укуктары жана милдеттеринин токтотулушу Кыргыз Республикасынын жарандык кодексине ж.б. ал маселеге тиешелүү нормативдик документтерге ылайык жүргүзүлөт.

**10.3. Педагогикалык колледждин ишмердигин токтотуунун принциптери жана ирети.**

Педагогикалык колледждин ишмердигин токтотуунун принциптери жана ирети Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн чечими менен аныкталат.

**11. Педагогикалык колледждин Уставына бекитилгенден кийинки киргизилүүчү толуктоолор жана өзгөртүүлөр.**

11.1. Бул Уставга киргизилүүчү толуктоолор жана өзгөртүүлөр педагогикалык колледждин жалпы чогулушунда кабыл алынат Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилет жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдуулугунун негизинде каттоодон өтөт.